Рысбүбү Өмүрбаева

# Таазим





тыңшоого ез эрки менен макулдук алуу

***Коомдук турукташууга жана атуулду гана көз карандысыз соттук система гана өз чындыгына ишенген адамдар бийлик зомбулугунан коркпой бизнес жашай алат.***

2018

*Рысбүбү ӨМҮРБАЕВА*

# *ТААЗИМ*

*Ырлар*



Жалал-Абад, 2012-ж.

ЦЛБ



Автордун бул китеби экинчи ырлар жыйнагы. Биринчи китеби «Өмүр» деген ат менен 2010-жылы чыгарылып, окурмандардын китеп текчесинен орун тапкан.

Бул жыйнак автордун биринчи жыйнагын толуктап тургандай сезилет. Автор бул китепке өз Ата Мекенине, эли-жерине, ата-энесине, балдарына, жалпы эле адамзатына болгон аяр мамилесин, сүйүүсүн арнап, замандын оңолушун эңсеп, турмуштагы терс көрүнүштөрдү поэзия ыргактарында жан дүйнөсүнөн өткөрүп, тарбиялык таасир калтыргысы келет. Автордун жан дилинен чыккан ырлары окурмандарды кайдыгер калтырбайт деген ойдобуз.

## «ТААЗИМГЕ» АК ТИЛЕК

*Рысбүбү Өмүрбаеванын ак халатчан медицина кызматкери экендигин гана сыртынан билген 1990—жылдардын алгачкы жылдары эске түшөт. Жан дүйнөсүндө багып жүргөн поэзия кайрыктары сыртынан караган адамга байкалбаганы менен ийленип, бышып жетилип бараткандыгын ким билсин.*

*Бир күнү бизге көптөн бери тааныш, райондук айыл чарба департаментинде үзүрлүү иштеп келген Токтомуш Өмүрбаев аке редакцияга баш багып, аялуу сыр айткысы келгендей мени сыртка чакырды. Чыксам, колунда бир далай барактагы кол жазмалар. «Бул менин өмүрлүк жубайым Рысбүбүнүн ырлары экен, бекитип койгон жеринен алып келдим, жараса райондук гезитке жарыялап бербейсиңерби?» — деп көрсөттү.*

*Чын эле Рысбүбү Өмүрбаеванын ырларында жан бар. Анын мекенчилдиги киндик кан тамган айылынан баштап, Ата—Журтка, Ала—тоого, сууга, табиятка болгон сүйүүсү ар бир адамды аны коргоого, көздүн карегиндей сактоого үндөп турат. Ал эми чындык, тазалык, аруулук, ынтымактан тайып бараткан бул жашоодо заманыбыздын оош—кыйышы адам—затынын, атка минерлердин адилетсиздигинен келип чыгып жаткандыгын жан дүйнөсүн жарып чыккан ыр саптары менен бергиси келет.*

*Автордун ырарында ата—энеге, бир тууганга, замандаштарына, сүйүү темасына арналган ырлары да окурмандарды кайдыгер калтырбайт деп ойлоймун. Эженин ар бир ыры өтө жөнөкөй, элдик мотивде, жатык тилде чын дилден, жасалмасыз жазылган. Демек, автордун бул жыйнагында да элге, журтка, кызмат адамдарына кайрылган насаат, турмуш чындыгы, келечекке ак жол тилеген ырлары арбын.*

*Ооба, чыгармачылык татаал түйшүк. Мен акын деле эмесмин. Бирок, 35 жылдан ашык жалаң районубуздагы чыгармачыл инсандардын башын бириктирип, ырларын талдап, гезитке чыгарып, чыгармачылык чыйырына багыт берип жүрүп, көп адамдардын китептеринин чыгуусуна, булактын көзүн ачып берген сыяктуу эле Рысбүбү эжеге да эки китеп чыгарууга чыгармачылык бел болдум десем жаңылбайм.*

*Рысбүбү Өмүрбаеванын мындан ары да чыгармачылык жолу байсалдуу болуп, «Өмүр», «Таазим» деген китептердин артынан дагы ээрчип келээр, элге берээр белектери бар деп ойлойм.*

**Бурайма РАЙИМБЕКОВА, Ноокен райондук «Ноокен жаңырыгы» гезитинин редактору, Кыргыз республикасынын Журналисттер Союзунун мүчөсү.**

# КЫРГЫЗСТАН ЫЙЫК АТА МЕКЕНИМ

Кыргызстан-ыйык Ата Мекеним!
Кадамыңдан мен айланып кетейин.
Керек десең жүрөгүмдү берейин,
Туурагыңды мен кастарлап өтөйүн.

Ата-Журтум-ыйык Ата Мекеним,
Бабалардан калган ыйык белегим.
Сен деп согот менин назик жүрөгүм,
Башымды ийип сага таазим этемин.

Кыргызстан-ыйык Ата Мекеним!
Чындык үчүн күйгөн отту кечемин.
Сенин демиң шыктандырып күч берет,
Азар бербей аспиеттеп күтөйүн.

Бабалардын белегине ырахмат,
Ыйык элим күтөт, коргойт ызаттап.
Кылымдардын кыйырында жашасын,
Ата-журтту өтөлүчү, ызаттап.

Мекенимди бабаларым коргоп келген,
Душмандан сактаймын деп шейит кеткен.
Эрдиги бабалардын унутулбайт,
Дастан болуп айтылып бизге жеткен.

Жеримде-бейпил турмуш күүсү болсун,
Элимде-биримдиктин туусу болсун.
Ата-Журт ак эмгектен гүлдөп турсун,
Душмандар эл, жеримден сүрдөп турсун.

Ак эмгектен шаттангын нарктуу элим,
Кулпуруп, жаркырасын куттуу жерим.
Төрөлүп, киндик каның тамган жерди,
Кастарлап, суук көздөн корго элим!

# АЛА-ТОО

Ала-Тоом, бабаларым сүйгөн тоо,
Өмүр кечип, из калтырып кеткен тоо.
Тоолорунда аркар-кулжа жайлаган,
Кыргызымды аспиеттеп баккан тоо.

Ак калпагын кийген тоолор шаңкаят,
Мөңгүлөрү алмаз сымал жаркырап.
Тоо боорунда өскөн арча, карагай,
Ала-Тоомду кайтарышып заңкаят.

Ала-Тоомдон мөңгү кетпейт агарып,
Жоо тумандар кээде жылат чубашып.
Эң биринчи күндү тосуп Ала-Тоом,
Мөңгүлөрү мүрөк болуп тамчылап.

Ала-Тоом, бабаларым жүргөн тоо,
Аспиеттеп карегиндей күткөн тоо.
Кылымдардын кыйырында жаша деп,
Урпактарга мурас кылып кеткен тоо.

# ЫСЫК-КӨЛ

Көгүлтүр көл үстү кулпуруп,
Ажайып көз жеткис сулуулук.
Толкундар жээкке урунса,
Шарпылдап үндөрү кубулжуйт.

Көгүлтүр көл суусу туптунук,
Жүрөктү эргитет сулуулук.
Шыбырап толкундар үн салса,
Сөз таппай каламын буулугуп.

Кубанам Ысык-Көл барына,
Суктанам ажайып, кооз таңына.
Таңкы жели бүткөн бойду сергитет,
Ысык-Көлүм арыба да, карыба.

Көл үстүндө ак куу болуп учсам ээ,
Эркин учуп бир кумардан чыксам ээ.
Ыр берметин калпып алып көлүмдүн,
Кереметтүү сырыңды мен жазсам ээ.

Күндөй болуп мээримимди чачсам ээ,
Ай нурундай жарык чачып турсам ээ.
Балык болуп көл түбүндө сүзсөм ээ,
Кереметтүү сыр түйүнүн чечсем ээ.

Толкундарың эркелетип ойготсо,
Ойлор мени көл жээгинде бойлотсо.
Толкундарың көбүк болуп чачырап,
Көңүлүмдү көкөлөтүп соортсо.

## ДАТКА ЭНЕ

Ханышасы Алайдын,
Курманжан Датка энебиз.
Он тогузунчу кылымдын,
Он биринчи жылында,
Ордолуу Оштун жанында,
Жапалак деген айылда,
Атасы Манапбайдын үйүндө,
Жарыктыкка келиптир.
Жаш кезинен Датка эне,
Каада-салтты сактаган,
Өзгөчө кыз болуптур.
Датка атабыз Алымбек,
Курманжандын аңызын,
Эл оозунан угуптур.
Нарк-насилдүү экенин,
Аста-секин билиптир.
Жуучуларды жиберип,
Ак никеге алыптыр.

Күмүш саптуу камчыны,
Жарына белек кылыптыр.
Курманжан Датка энебиз,
Урмат кылып жубайын,
Кадырына жетиптир.
Кыйын кезең болгондо,
Кеп-кеңешин бериптир.

Уул-кыздуу болушуп,
Бактылуу өмүр сүрүптүр.
Алымбек Датка атабыз,
Адилет иштеп, ак жүрүп,
Кас душмандын колунан,
Капилет шейит кетиптир.

Жубайынан ажырап,
Жүрөгү канап турса да,
Төмөн карап ийилбей,
Элин-жерин ойлонуп,
Түңгүюктан чыгыптыр.

Мен тарыхка көз салсам,
Заманына жараша,
Аялзаттан башкача,
Жаралыптыр Датка эне.
Ордолуу Ошту башкарып,
Туура бийлик кылыптыр.

Курманжан датка энеден,
Көп султандар сүрдөптүр.
Бет алдына келгенде,
Сөз таба албай тердептир.
Уюткулуу элинин,
Үңгүсү болуп жүрүптүр.
Көп улуттуу элинин,
Бейпилдигин сактаптыр.

Датка эненин таасири,
Ордодо күчтүү болуптур.
Орто Азия чөлкөмүндө,
Аялзаттан биринчи,
Музафардын колунан,
Датка чинин алыптыр.
Экинчи чинин Датка эне,
Кудаяр хандан алыптыр.

Кыйын кезең болгондо,
Кыл үстүндө турганда.
Уулун дарга асаарда,
"Башыңды көтөр балам"-деп,
"Ажалга тик кара"-деп,
Датка эне кайрат айтыптыр.
Кебелбей өтүп жанынан,
Элин көздөй басыптыр.

Курманжан Датка энебиз,
Келечекти көрө билген,
Көсөмдүгүн карачы.
Өзүм дебей, эл деген,
Билгичтигин карачы.
Кара ташты как жарган,
Көк жалдыгын карачы.

Опурталдуу күндөрдө,
Коогаландан сактаган.

Доо кетирбей элине,
Биримдикти сактаган.
Душманга сыр билгизбей,
Россияга кошулуп,
Достукка жол ачыптыр.
Генерал Скобелевдун колуна,
Жети ачкычты тапшырып,
Шартнаамага кол коюп,
Моор басып бериптир.

Калкын кастан калкалап,
Туура чечим кылыптыр.
Ак эмгегин элине,
Өмүр бою арнаптыр.
Ал тарыхта түбөлүк,
Өчпөс болуп калыптыр.

Курманжан Датка энедей,
Акылмандар чыкса экен.
Өзүм дебей эл деген,
Ишенимди актаган,
Жетекчилер болсо экен.
Өлкөм онуп, өссө экен,
Журтум бүтүн,
Элим аман болсо экен.

# ЖУРТ БАШЧЫ БОЛСОҢ

Журт башчы болсоң,
Журтуңду сүйгүн.
Калдайган калың,
Элиңди сүйгүн.
Элим деп иштеп,
Элиңе күйгүн.

Алдыңа бийик,
Максатты койгун.
Адилет болуп,
Алдыга озгун.
Жаныңда жакшы,
Вазириң болсун.
Талапты койсоң,
Аткаруу болсун.

Бүтүргөн иштин,
Асылы болсун.
Болоттой катуу,
Тартип да болсун.
Өнүгүп-өскөн,
Параны жойгун.

Чындыкты айтса,
Касыңдай көрбө.

Койгойун айтса,
Кайдыгер болбо.
Ишенген элдин,
Үмүтүн акта.
Эл үчүн иштеп,
Абийирди сакта.

Байлыкты топтоп,
Элиңден качпа.
Жанкечти жалдап,
Элиңди атпа.
Чекилик кылып,
Өкүнүп жүрбө,
Наадандык кылып,
Өмүрдү сүрбө.

Журт башчы болсоң,
Өлкөңдү оңдо.
Иш билги болсо,
Аларды колдо.
Ишенген элдин,
Үмүтүн актап,
Кыйналып турган,
Элиңди корго.

Тилегим элде,
Биримдик болсун.
Короолор дайым,
Мал-жанга толсун.

Журтубуз гүлдөп,
Бейпилдик болсун.

Адилет иштеп,
Ак жүрсө инсан.
Алардан өчпөс,
Из калган дүйнө.
Кеменгер атка,
Кондурган дүйнө.
Баатырдан эрдик,
Даңк калган дүйнө.

Журтуңдан качсаң,
Элиңди атсаң.
Жүзүңдөн кетпес,
Дак калар дүйнө.
Жетекчи болсоң,
Аларды ойло!..

# КАНДАЙ СОНУН ГҮЛДӨЙТ ЭЛЕ АТА-ЖУРТ

Ата-Журтка кыянаттык кылбаса,
Казынага суук колун салбаса.
Өз байлыгын жеӊ ичинен албаса,
Кандай сонун гүлдөйт эле Ата-Журт.

Ар бир адам Ата-Журтун ойлосо,
Көрө албастык, бут тосуулар болбосо.
Жетекчилер иш билгини колдосо,
Кандай сонун гүлдөйт эле Ата-Журт.

Бул ааламда кандуу согуш болбосо,
Жардыруулар, жанкечтилер болбосо.
Өмүр кыйган ыймансыздар болбосо,
Кандай сонун гүлдөйт эле Ата-Журт.



ЦЛБ

## ЭНЕ ТИЛЕГИ

Ак бешик жасап бакытка балкып,
Ыйласа бала уйкусу качып.
Ак сүтүн берип тойгузат эне,
Ар дайым өмүр, тилегин айтып.

Ыӊаалап ыйлап, кыйналса бөбөк,
Энеден ашык кайгырбайт бөлөк.
Терметип бешик мамагын салат,
Ак сүтү менен рахатка бөлөп.

Наристе күлсө элжиреп жүрөк,
Айланып эне бактылуу күлөт.
Жашоонун өзү керемет болуп,
Жаӊырган күнү жаркырап тиет.

Уул-кыз багып убайым тартып,
Башына далай мээнетти артып.
Сый-урмат көрсөм-деп тилейт эне,
Улгайган кезде маӊдайым жаркып.

## КЫЯЛДАНУУ

Суунун бою тегиз өскөн карагат,
Карагаттар көздөн өтүп баратат.
Тербесек да ошол суунун боюнда,
Сени менен бирге жүрсөм ырахат.

Балбылдаган көздөрүңө караймын,
Бал татыган сөздөрүңдү самаймын.
Имерилип колуң келсе мойнума,
Мен сүйүүдөн ырахатты аламын.

Көздөрүңдү көздөрүмө кададың,
А мен болсом тик кароодон уялдым.
Уруксатпы өбөйүн деп сурасаң,
Жооп бере албай кирпигимди ымдадым.

# САГА АРНАДЫМ

Жактырдым жалгыз гана бир өзүңдү,
Акыл толгон, мээрим төккөн мүнөзүңдү,
Жараткан сага баарын бүт бериптир,
А бирок, өзүң сезбей жүрөсүңбү?

Түнүңдө ай нурундай жаркырайын,
Сен сүйсөң махабатка мен тунайын.
Сүйбөсөң делөөрүтпөй ачыгын айт,
Өзүмдү сүйгөн жанга багынайын.

Сага арнадым ушул жазган ырымды,
Жашоодогу бүткүл өмүр, дилимди.
Жароокерим көңүлдү биз оорутпай,
Жашайлычы өмүр канча ким билди.

# ДҮЙНӨНҮН ТҮБӨЛҮКТҮҮ ЭЭСИ БАРБЫ?

Дүйнөнүн түбөлүктүү ээси барбы?
Биз болобуз ушул дүйнө меймандары.
Көк тиреген Ала-Тообуз кала берет,
Оо адамдар, биз ошону эске алалы.

Дүйнөнүн түбөлүктүү ээси барбы?
Келгендин кетмеги бар билет баары.
Жер эне бизден кийин жашай берет,
Колдон келсе тирүүлүктө сыйлашалы.

Кимдер келип, кимдер кеткен бул дүйнөдөн,
Мүрөктөн суу калтырып булактарга.
Өмүрлөр кайра уланып өмүрлөргө,
Мурасың кала берет урпактарга.

# НАМЫСТУУ БОЛ, КАЛЫС БОЛ!

Айланайын урпагым,
Урпагым деп айтамын.
Ата-Журтум, элим деп,
Күйүп, жанып жашагын.
Кыянаттык кылбагын,
Ак эмгектен качпагын.
Журт байлыгын чачпагын,
Уурулукка барбагын,
Уят болуп калбагын.
Кызмат, дүйнө, байлык деп,
Өмүр гүлүн кыйбагын.
Үй-бүлөсүн сыздатып,
Каргыштарга калбагын,
Жүзүңө дак салбагын.

Айланайын урпагым,
Кызмат кылсаң эл үчүн,
Келечегиң кең болот.
Элдин камын ойлосоң,
Элиң сага бел болот.
Гүлдөтүп өстүр мекенди,
Ата-Журт көркү дем болот.
Биримдик болсо элимде,
Журтубуз дайым тынч болот.

Калыс болсоң калкыңа,
Калкыңдын оюу түз болот.
Өйдө-төмөн мезгилде,
Элиң сага туу болот.
Түндүгүңдүн түркүгү,
Майтарылгыс бек болот.
Кас санаган душмандар,
Өзүнөн-өзү жок болот.
Элге жалган айтпай жүр,
Эл толкуса сел болот.

Айланайын урпагым,
Ата-Журтум, элим деп,
Адал эмгек кылып жүр.
Ата-Журттун байлыгын,
Бөтөн элге сатпай жүр.
Пара берсе алданып,
Кыңыр ишти жаппай жүр.
Паракордун тамырын,
Чөчкиндүү болуп кыйып жүр.
Элдин койгон талабын,
Убагында чечип жүр.
Ата-энеңдин насаатын,
Көкүрөккө түйүп жүр.
Сен жашаган чөйрөнүн,
Акыбалын билип жүр.

Чындыкты айтса кас болбо,
Таланттууну байкасаң,
Бут тосуп ага тар болбо.
Ак жеринен каралап,
Урпактарым пас болбо.
Ата салтын сактагын,
Ата-энеңдин үмүтүн,
Абийир менен актагын.
Ата-Журтум, элим деп,
Күйүп, бышып жашагын.
Из калтырып журтуңа,
Эмгек кылгын калкыңа.

Айланайын урпагым!
Асыл максат койгонго,
Ыйык Ата-Журтуң бар.
Жакуттай кооз жериң бар,
Уюткулуу элиң бар.
Үмүт менен чоңойткон.
Улук ата-энең бар.
Ишенимди көрсөтүп,
Колдой турган калкың бар.
Кызмат кылып эл үчүн,
Иштеш үчүн шартың бар.
Эмгек кылуу, из калтыруу,
Урпак үчүн парыз ал!

Айланайын урпагым!
Ала-Тоодой бийик бол,
Кыраан куштай зирек бол!
Мүрөк суудай керек бол!
Мээрим чачып жарык бол.
Аппак сүттөй таза бол!
Элиң үчүн тирек бол!
Түндүгүңдү бек кармап,
Намыстуу бол, калыс бол!

# ЫЙМАНДУУ КИМ?

Ыймандуу ким? –
Ата-энесин сыйлашып, урматташып жүргөндөр
Ыймандуу ким? –
Ата-Журтум, элим деп, адал эмгек кылгандар
Ыймандуу ким? –
Өмүр гүлүн кыйбаган, кыянаттык кылбаган.
Ыймандуу ким? –
Эл акысын, журт байлыгын албаган.
Ар намысын, өз абийирин сактаган.

Намыстуу ким?
Ата-Журтун кас душмандан сактаган.
Намыстуу ким? –
Элге бүлүк салбаган, нарк-насилди барктаган
Ыймандуу ким? –
Эне сүтүн, үмүттөрүн актаган.
Күйүп, жанып, Ата-Журт деп жашаган.
Адилеттик, калыстыкты туу тутуп,
Алга карай албан ишти баштаган.

Ыйманыбыз таза болсун, бек болсун,
Журтум бейпил, биримдикте эл болсун.
Эл тагдырын, келечекти ойлогон,
Арабызда азаматтар көп болсун.

## ЭЛБЕКОВго

Элбековдун ыр китебин окудум,
Ырларынан эргүү алып толкудум.
Окуп жатып өз ырымды көргөндө,
Капилеттен таш ургандай чочудум.

Авторду мен көрүп калдым көчөдөн,
Куттуктадым, суроо салдым неге деп?
Бүткөн бойду ичиркенткен сөз айтты,
Койчу ары, ал сеники бөлө деп.

Уялбады, жек көрүүсү күчөдү,
Жаман сөздөн жүрөк кургур үшүдү.
Жок дегенде кечирип кой деген жок,
Таш боор экен бул акындын жүрөгү.

# КЕЧ ЖОЛУККАН АК СҮЙҮҮМ

Келчи жаным жолугалы дегенмин,
Күттүм, күттүм, негедир сен келбедиң.
Жүрөк сырын сага гана арнасам,
Бирок анын, бирин дагы сезбедиң.

Сени күтүп, өңдөн аздым саргайып,
Күткөнүмдү сага милдет кылбаймын.
Сага дайым амандыкты каалаймын,
Мен ичимден сени сүйүп жашаймын.

Сени ойлосом бүт денемде от жанат,
Сени ойлосом карегимден жаш тамат.
Сени ойлосом түн уйкумдан адашып,
Узун түндө кирпик какпай таң атат.

Кайда жүрсөм кошо жүрөт элесиң,
Жүрөгүмдөн түнөк алган бир өзүң.
Өзүм көрүп, өзүм сени жактыргам,
Балким сезип, жароокерим келээрсиң.

Сени күтүп, күндөр айга алмашты,
Карлар эрип, жаз да күлүп баш бакты.
Жаздын жели сүйүү алып келгендей,
Бажырайып, бүгүн башка таң атты.

Арманым бар, кеч жолуктуң сүйгөнүм,
Сага жетпей, сенсиз өмүр сүргөнүм.
Бар бол дайым, бар бол дайым аман бол,
Менин эңсеп, кеч жолуккан ак сүйүүм!..

## ОО ТЕҢИРИМ! КҮЧ-КУБАТ БЕР ӨЗҮМӨ

Кеңүлүмдү наадандар калтырган кезде,
Жүрөгүм уу сөздөрдөнууланган кезде.
Душманым табаа кылып жылмайган кезде,
Оо Теңирим! Күч-кубат бер өзүмө!

Кайдыгерлик жан дүйнөмдү кыйнаганда,
Адепсиздик жүрөгүмдү сыздатканда.
Кээ бирөөлөр сыр билгизбей алдаганда,
Оо Теңирим! Күч-кубат бер өзүмө!

Капилеттен сыркоолоп мен ооруганда,
Аты суук шум ажал тооруганда.
Сыйлаганым мага карай таш урганда,
Оо Теңирим! Күч-кубат бер өзүмө!

* * *

Адилетсиз адамдар зор болушса,
Карапайым элибиз зар болушса.
Мансабы бар байлардын сөзү өтүп,
Акыйкаттык болбосо кайгырамын.

Кайгырбаймын жүзүмдөн нур кеткенге,
Кайгырбаймын чачты бубак басканга.
Кайгырамын колумдан күч кеткөнгө,
Кайгырамын наадандарды көргөндө.

* * *

Жүрөктөн чыккан ыр жакшы,
Жүрөктөн чыккан дос жакшы.
Жүрөктөн сүйгөн жар жакшы,
Жүрөктө калган сыр жакшы.

Ааламдын кереметин көрүп жаздым,
Махабат эргүүлөрүн сезип жаздым.
Уу сөздөн ууланганга күйүп жаздым,
Өмүрдү кыйгандарга ыйлап жаздым.

Дилимди ооруткандa сыздап турдум,
Сынашып караганда байкап турдум.
Сүйлөсө таш ыргытып чыдап турдум,
Жаратткан кубат бер деп сыздап турдум.

Өмүр барда, өмүр гүлдөп жайнасын,
Кур дооматка эч бир адам калбасын.
Ыркты бузуп элге азар салбасын,
Ар бир адам өз абийирин сактасын.

# ТААЗИМ

Таазим этем-Алла Таалам мен сага,
Шүгүр деймин -Алла Таалам барына.
Таазим этип мен өзүмө жүгүнөм,
Нурга бөлөп, жашоо берип жатканга.

Таазим этем-мээрим төккөн күн сага,
Таазим этем-көк мелжиген асманга.
Таазим этип, алдыңарда ийилем,
Бабаларым коргоп келген журтума.

Таазим этем-ыйык Ата Мекенге,
Таазим этем-уюткулуу элиме.
Таазим этип, кулдук уруп жүгүнөм,
Киндик каным тамган кичи Мекенге!

Өмүрдүн ашуусуна чыккан кезим,
Чачымды бубак басып калган кезим.
Турмуштун сыноолорун баарын көрүп,
Чындыкты бурмалабай айтар кезим.

Ата-Журтум кубат берет сенин демиң,
Өнүп-өсүп гүлдөсүн кең Мекеним.
Урпагыма айтайынчы билгенимди,
Абийирдүү, намыстуу бол, уккун кебим.

## Таазим

Ата-журт деп жалындап күйүп тургун,
Санаркатпай элиңди сактап жүргүн.
Тайгак кечүү, ашуудан ташыркабай,
Алга карай биримдикке үндөп тургун.

Турмуштун сыноосунда жаңылбагын,
Азатмын деп багытыңдан адашпагын.
Өмүрдү өксүтпөгүн, өксүбөгүн,
Кыйын кезде элиңди таштабагын.

Ыйык Ата Мекенди коргогула,
Уюткулуу элимди сыйлагыла.
Кут төгүгөн жеримди сатпагыла,
Таазим этип Мекенге жашагыла.

Аталардын эмгегин баалагыла,
Кыянаттык, кайдыгерлик кылбагыла.
Урпактарым элге бүлүк салбагыла,
Ата-Журтту карегиңдей сактагыла.

Ата-Журттун койну кенен, сыры терең,
Сурасам сырын зоолор айтар бөкен.
Бабаларым тарыхты жазып келген,
Урпактарым жаңы тарых жазар бекен.

Таазим этем-ыйык Ата-Журтума,
Таазим этем-жалпы калкым баарыңа.
Таазим этип, мен Алладан суранам,
Ыйман бер деп, өмүр бер деп калкыма.

Башымды ийип дагы таазим этемин,
Алла-Таалам бизди колдоп жатканга!

* * *

Ата-Журтум, кубат берет сенин демиң,
Акылга акыл кошот ыйык элим.
Жүрөктүн түпкүрүндө сактап жүрөм,
Абийирдүү, таза бол-деп айткан кебиң.

Ата-Журт деп, жалындап жанып тургун,
Санааркатпай элиңди сактап жүргүн.
Тайгак кечүү, ашуудан тайгаланбай,
Алга карай биримдикке үндөп тургун.

Өмүрдүн белесине чыккан кезим,
Чачымды бубак басып калган кезим.
Турмуштун ачуу, таттуу тузун татып,
Жүрөгүмдү өйүгөндү айтаар кезим.

Урпактарым! Ата-Журт деп жашагыла,
Бейпилдикти, биримдикти сактагыла!
Кыянаттык, кайдыгерлик кылбагыла,
Жан дүйнөңдү тазартып жашагыла.

Турмуштун сыноосунда жаңылбагын,
Урпактарым, багытыңдан адашпагын.
Өмүрдү өксүтпөгүн, муңайтпагын,
Жаңылсаң, жаңылганды жашырбагын.

# БАЛАМ – БАКТЫМ

Балам-жүрөк,
Көөдөнүмдө болкуган.
Балам – данек,
Жүрөк кандан жаралган.
Балам – мүрөк,
Өмүрүмдү улаган.
Балам – бактым,
Турмушумду шат кылган.
Балам – күнүм,
Мээрим төгүп жылыткан.
Балам – айым,
Жарык чачып жаркыган.
Балам – булбул,
Гүл багымда сайраган.
Балам – ордом,
Бак-таалайым ачылган.
Балам – каным,
Тамырымда кагылган.
Балам – кубат,
Дем-күч берип жашаткан.
Балам – Мекен,
Ата-Журтум, карегим.
Балам – түркүк,

Түндүгүмдү кармаган.
Кыйын кезде
болгун балам чагылган.
Аман болгун, аман жүргүн,
Болоюн мен садагаң!

# МЕН СИЗДИ КҮНДӨ КҮТӨМ КЕЛЕСИЗБИ?

Мен сизди күндө күтөм келесизби?
Куса болуп сагынганым билесизби?
Айкөлсүз, акылдуусуз, мээримдүүсүз,
Же мени сүйө албайт деп жүрөсүзбү?

Мен сизди жазда күтөм келесизби?
Жүрөгүмө сүйүү гүлүн себесизби?
Күлпүрүп чыккан гүлдүн жытын искеп,
Кастарлап, астейдилден күтөсүзбү?

Мен сизди жайда күтөм келесизби?
Аптапта нөшөр болуп төгөсүзбү?
Чаңкасам булак болуп агасызбы?
Чарчасам тамыр болуп кагасызбы?

Мен сизди күздө күтөм келесизби?
Махабат эргүүлөрүн бересизби?
Саргайып жерге түшкөн жалбырак деп,
Сиз мени тепсеп өтүп кетесизби?

Мен сизди кышта күтөм келесизби?
Ак кардын ак тилегин сезесизби?
Жүрөктүн эңсөөлөрүн белек кылып,
Берейин, кадырына жетесизби?

Кел деген сөзүңүздү угуп калсам,
Бороондон коркпой сизге бараар элем.
Шумкар болуп асманда айлансаңыз,
Мен сизге канат болуп учаар элем.

# КАРЕГИМДЕ ТҮБӨЛҮК ЭЛЕС КАЛАТ

Мен кетермин дүйнөдөн,
аалам калат,
Ак калпагын кийишкен,
тоолор калат.
Уч, кыйырсыз көрүнгөн,
Журтум калат.
Ала-Тоого көрк берген
элим калат.
Бир уяда чоңойгон
тууган калат.
Кадырлашып, сыйлашкан
достор калат.
Билип, билбей сүйлөгөн
касым калат.
Жүрөгүмдө катылган
сырым калат.
Оюм жетип, кол жетпеген
максат калат.
Өз канымдан жаралган,
бүт өмүрүм арнаган,
жакшылыкты каалаган
туяк калат.
Карегимде түбөлүк элес калат,
Капилеттен кеткенде арман калат,
Айткылачы?
Жазымышты ким тыя алат?

# СЫЙЛАШЫП БИР БОЛОЛУ

Ойлосом оюм терең,
Жете албай азап чегем.
Тагдырдын буйругунан,
Ыр токуп, жазып келем.
Аллаанын колдоосунан,
Мен азыр жашап жүрөм.

Өмүрүм, өтүп шашат,
Өтүнсөм болбой качат.
Оорутпа жүрөгүмдү,
Өмүрүм бир аманат.
Калтырбай көңүлдөрдү,
Жүрсөкчү атаганат.

Сүйгөндүн сүрү күчтүү,
Сүйүүнүн деми күчтүү.
Сүйгөнүн сүйө албаса,
Ал сүйүү өкүнүчтүү.
Сыйласаң тоготпосо,
Ал андан өкүнүчтүү.

Жүрөгүм сени самайт,
Сезимим оттой жанат.
Муздатпа сезимимди,
Өмүрүм бир аманат.

Өчүрбөй сезимдерди,
Жолуксак атаганат.

Айымдар ойлонолу,
Ойлонуп толгонолу.
Бир келген бул өмүрде,
Ыймандуу жар бололу.
Ансыз да өмүр кыска,
Сыйлашып бир бололу!

# АКЫЛЫ ТУНУК ЭЛ БОЛСУН

Жакшылык менен жамандык,
Жанаша жүрөт турбайбы?
Жакшылык жеңсе эгерде,
Жамандык качат турбайбы?

Өмүрүң менен катарлаш,
Шум ажал жүрөт турбайбы?
Аман-эсен жүргөндү,
Жараткан колдойт турбайбы?

Билбейт деп айың иш кылба,
Билинип калат турбайбы?
Укпайт деп ушак сүйлөбө,
Угулуп калат турбайбы?

Биримдик болсо элимде,
Бейпилдик болот турбайбы?
Ата-Журт деп иштесе,
Эли баалайт турбайбы?

Бакытты бизге жараткан,
Байкатпай берет турбайбы?
Бактысын кармап калбаган,
Арманда калат турбайбы?

Түбөлүк элим бир болсун,
Теңирим баарын колдосун.
Ачуугa өзүн алдырбай,
Акылы тунук эл болсун!
Төгүлсүн ырыс, кешигиң,
Тебелеп өткөн оңбосун!

1998-жыл. 22.02.

## СҮЙБӨДҮҢ НЕГЕ СҮЙБӨДҮҢ

Ай толгондой суйкайып,
Алдыңдан чыксам көрбөдүң.
Апкаарып сенден токтосом,
Мен жакты карап койбодуң.
Айтсаңчы неге көрбөдүң,
Көңүлүң неге бөлбөдүң.

Гүл болуп жайнап турганда,
Жытынан искеп сүйбөдүң.
Ашыктык дартын билбедиң,
Сүйгөндү неге сезбедиң.
Айтсаңчы неге билбедиң,
Сүйгөндү жаным сезбедиң.

Кызарып бышкан алманын,
Кызылын жандап үзбөдүң.
Карабай өтүп сен кеттиң,
Камыккан жанды билбедиң.
Билбедиң неге билбедиң,
Билсең да көңүл бөлбөдүң.

# СУУЛАР

Кимдер билбейт суусуз жашоо болбосун,
Кимдер билбейт суусуз бөксө толбосун.
Кимдер билбейт эгин өскөн талаанын,
Суу болбосо текши кургап калаарын.

Суу болбосо чөл бакчага айланбайт,
Суу болбосо өмүр кайра уланбайт.
Суу болбосо жердин көркү кумсарып,
Суу болбосо гүлдөр жайнап ачылбайт.

Мүрөк суулар булак болуп ага бер,
Жылга менен сапарыңды улай бер.
Өмүр – дайра, тирүүлүктүн белгиси,
Кылымдарга кылым кошуп ага бер.

1997-жыл, март.

# ОО ЭЖЕЛЕР, ОО КУРБУЛАР, СИҢДИЛЕР

Оо эжелер, оо курбулар, сиңдилер,
Үйгө келсең төргө өткөзүп сыйлайын.
Өрүк, мейиз, момпосуйдан тартуулап,
Алдыңарга ак дасторкон жайайын,
Очогума казанымды асайын.

Сый көрсөтүп, мээримимди төгөйүн,
Көзүңөрдөн бакыт нурун көрөйүн.
Гүлдөй назик көңүлүңдү чөктүрбөй,
Көңүлүң таап, урмат кылып күтөйүн.

Балдай ширин сөздөрүмдү арнайын,
Ырларымдан ыр чачыла чачайын.
Жаратқандан өмүр тилеп баарыңа,
Алла-Таалам колдогун деп турайын.

Үйүңөрдүн шам чырагы өчпөсүн,
Уул-кызың тамыр алып көктөсүн.
Аман болуп, узак өмүр сүргүлө,
Тилегеним, аман-эсен жүргүлө!

# ЧЫНДЫК

Чындык сенин демиң менен жашаймын,
Чындык сенин сууларыңды кечейин.
Чындык сенин ак наныңды татайын,
Чындык сенин мээримиңе тунайын.

Чындык сенин гүлдөгөнүң көрөйүн,
Чындык сенин көлөкөңдө жүрөйүн.
Чындык сенин деңизиңде сүзөйүн,
Жалгандыктын булагын мен бүтөйүн.

Жалгандардын сөздөрү суу кечпесин,
Жалганчынын жүзүнөн дак кетпесин.
Чындык күйгөн коломтолор өчпөсүн,
Чындык өнүп, тамыр алып көктөсүн.

Чындык үчүн күйгөн отту кечемин,
Чындык сенин жарык жүзүң көрөйүн.
Жалгандыктын жолун бууп жүрөйүн,
Чындык үчүн мен күрөшүп өтөйүн.

Чындык турсун, дайым бизди калкалап,
Жалгандыктын бороонунан далдалап.
Урпактарым, эсиңерден чыкпасын,
Чындык жеңет, чындык чыгат жаркырап.
Эл ичинде чындык дайым айтылат,
Жалганчыдан жууса кеткис дак калат.

# АЙЫМДАРГА КААЛОО

Оо айымдар, улук умай энелер!
Майрамыңар кут болсун.
Жаз гүлүндөй жайнаган,
Өмүрүңөр узун болсун, бек болсун!
Өз каныңдан жаралган,
Балдарыңар тынч болсун.
Кол кармашкан жубайлар,
Аман болуп, бар болсун!

Оо айымдар, улук умай энелер!
Карап турсам, сылык-сыпаа кененсиң.
Ойлонгондо Ысык-Көлдөй тереңсиң.
Аман болуп, ашкын өмүр белесин,
Аман болсоң жаңы өмүр бересиң.
Бул ааламга ошон үчүн келгенсиң,
Түркүк болуп, карма өмүр сересин.

Оо айымдар илебиңер,
Тонгон музду эритет.
Жылаажындай үнүңөр,
Жүрөктөрдү эргитет.
Жыпар мончок жытыңар,
Таңкы абадай сергитет.

Оо энелер, айымдар!
Ар бир үйдүн кутусуң.

Бой сергиткен таңысың,
Жаркырап тийген күнүсүң,
Жарыгын чачкан айысың.

Энелер турмуш шамысың,
Айымдар мырза жарысың.
Аялсыз үйдүн көркү жок,
Гүлдөгөн бейиш багысың.
Ордолуу шаарым, багымсың!

# ДЕН СООЛУГУҢ ӨЗ КОЛУҢДА

Оо жарандар!
Ден соолугуң өзүңөрдүн колуңда,
Сактан-сактан алдын алуу жолунда.
Чыңдагыла денеңерди ар күнү,
Өмүр гүлдөп, көзүң жетип турганда.

Оо адамдар! Оорубагын, ооруба,
Дарыгердин кеңешин ук, жадаба.
Ден соолугуң ал өмүрдүн мүлкү да,
Өмүр мүлкүн өзүң коргоп, сакта да.

Дарыгердин кеңешин ук, пайдалан,
Керек дары үйдө турсун ар качан.
Алдын алып, бөгөт койгун ооруга,
Узак жашап бактылуу бол баарыңар.

* * *

Өмүрдүн жаз күнүндөй көктөмү бар,
Өмүрдүн жай күнүндөй аптабы бар.
Өмүрдүн күз күнүндөй күрдөөлү бар,
Өмүрдүн кыш күнүндөй бороону бар.

Өмүрдүн көктөмүндө гүлдөгүлө,
Өмүрдүн аптабында жетилгиле.
Өмүрдүн күрдөөлүндө күрөшкүлө,
Өмүрдүн бороонунан сактангыла.

# ЖАРАТКАН АЛЛА САКТАГЫН

Жараткан Алла,
Суранам сенден.
Акаарат кылган,
Адамдан сакта.
Өмүрдү кыйган,
Наадандан сакта.
Өз элин саткан,
Саткындан сакта!

Кайдыгөр болгон,
Наамарттан сакта.
Өзүңдөн чыккан,
Кастардан сакта!
Пара алып көнгөн,
Ач көздөн сакта.
Азгырган кара,
Шайтандан сакта!

Айтылган куру,
Дооматтан сакта.
Көз артып келген,
Душмандан сакта!
Өз элин аткан,
Акмактан сакта.

Кыямат-кайың,
Топондон сакта!

Капилет келген,
Кырсыктан сакта.
Аты суук, шум-
ажалдан сакта!
Эл бузар жаман,
Бузуктан сакта.
Калдайган калың,
Элимди сакта.
Ала-Тоо кыргыз,
Жеримди сакта!

## БИЛБЕДИҢ

Билбедиң бир көргөндө сүйгөнүмдү,
Билбедиң куса болуп жүргөнүмдү.
Билбедиң капилеттен сен жолугуп,
Махабат тузагына түшкөнүмдү.

Билбедиң мен сүйүүдөн тарыкканым,
Билбедиң бир көрүүгө зарыкканым.
Билбедиң сырдаша албай камыкканым,
Билбедиң бир өзүңө багынганым.

Билбедиң жолуга албай кыйналганым,
Билбедиң жүрөк сыздап ооруганын.
Билбедиң көөдөнүмдө толуп-ташып,
Сагыныч мени жаман кыйнаганын.

Сүйүүдөн кызыл гүлдөй ачылбадым,
Сүйүүнүн кызыгына баталбадым.
Жүрөк дартын өзүңө айталбадым,
Аттиң ай өзүң неге байкабадың?

Махабат дайрасында сүзө албадым,
Арман ай, өмүрлүк жар боло албадым.
Өзүңдөн бала көрүп сүйүнбөдүм,
Аттиң ай, мурда неге жолукпадың?

Байкабаган жүрөгүң не, таш беле,
Жароокерим жүрөгүң же гаш беле.
Жүрөк сырын байкабадың, сезбедиң,
Жүрөгүңдө башка бирөө бар беле?

А билким, жалынсын деп күттүң беле,
А балким, жакпайсың деп кеттиң беле.
А балким, сүйө албайт деп жүрдүң беле,
А балким, сүйгөнүңдү таптың беле.

Жактырсаң түркүк болуп турар элем,
Бороондо мен от болуп жанаар элем.
Чарчасаң жүрөк болуп кагаар элем,
Чаңкасаң булак болуп агаар элем.

# ДҮЙНӨДӨ ТҮРКҮН АДАМ БАР

Дүйнөдө түркүн адам бар,
Нарктуулар бар, нарксыз бар.
Жакшылар бар, жаман бар,
Өзгө, жатка бөлгөн бар,
Өздөн артык болгон бар.
Намыстуу бар, калыс бар,
Абийирдүү бар, арсыз бар.
Күн карама сыяктуу,
Күн чыккан жакка оогон бар.
Паракорго жан тартып,
Кыңыр ишти жапкан бар.
Ата-Журттун байлыгын,
Жең ичинен жеген бар.
Кыянаттык кылган бар,
Өмүр гүлүн кыйган бар.
Өзөктү өрттөп жүргөн бар,
Уурулук кылып көнгөн бар.
Бут тосуп наадан болгон бар,
Сойкулукка көнгөн бар.
Жүзүнө дак салган бар,
Чындыкты таамай айткан бар.
Эл деп кызмат кылган бар,
Өрнөктүү өмүр сүргөн бар.

Илим кенин казган бар,
Окумуштуу болгон бар.
Өмүр сакчы-доктур бар,
Эрдик кылган баатыр бар.
Ата-Журтун коргогон,
Арабызда жоокер бар.
Эр эмгегин баалаган,
Уюткулуу элим бар.
Заманына жараша,
Элге болуп тараза,
Эл тагдырын чечкен бар.
Таланттууну такшалтып,
Эл алдына сунган бар.
Түмөн, түркүн тагдырды,
Көрүп жазган, таамай айткан,
Жазуучулар, акын бар.
Жүрөктөн түнөк тапкан бар,
Эл эсинде калган бар.
Ыйманы таза адам бар,
Ыйман бар жерде мээрим бар.
Мээрим бар жерде урмат бар,
Урмат бар жерде бакыт бар.
Ыйман, бакыт бар жерде,
Кыянаттык кылбайт ал.

Күнөөсүздү күнөөлөп,
Адилетсиз болгон бар.
Келечекти көрбөгөн,
Журт кадырын билбеген,

Көр дүйнөгө берилген,
Акылы тайыз адам бар.
Мындайларда ыйман жок,
Ыйман жок жерде мээрим жок.
Мээрим жок жерде бакыт жок,
Мээрим, бакыт жок жерде,
Таяныч жок, тирек жок.

Нарктуу менен наадангa,
Жакшы менен жаманга,
Сыйкыларга, саткынга,
Чындык менен жалганга,
Ыймандууга, калыска,
Жан кечтигe, ууруга,
Кыянаттык кылганга,
Күбө болгон Алла бар!

# КОШ САПТАР

Дайраны кечкениңде тайыз болсун,
Элибизде береке-пейиз болсун.

Адамдын бийиктиги-акылында,
Намыскөй-абийир алат асыраса.

Арам дүйнө кадырыңды кетирет,
Адал эмгек урмат-сыйга жеткирет.

Акылмандын айткан сөзү-тазалык,
Уурулардын айткан сөзү-алалык.
Боорукердин карегинен күн чыгар,
Таш боор болсо илебинен муз тоңор.

Балам-бакыт, балам-кубат билемин,
Аман болгун, Алла берген белегим.

Алла берген айланайын белегим,
Аалам таанып, өнүп-өсүп гүлдөгүн.

Алла-Таалам жакшылыгын жолдосун,
Жаратканым өзү бизди колдосун.

Канча жашка чыкса да,
Өмүргө тойбойт адамзат.

## Таазим

Махабатка кабылса,
суйүүгө тойбойт адамзат.

Канчалык байлык күтсө да,
Байлыкка тойбойт адамзат.

Ыйманы таза бек болсо,
Өмүрдү кыйбайт адамзат.

Жалгыз адам калк болбойт,
Жалгыз дарак бак болбойт.

Бакыт деген-кошо жүрсө байкалбайт,
Бакыт деген-алаканда кармалбайт.

Бакыт деген-дүкөндөрдө сатылбайт,
Бакыт деген-ыймансызды жактырбайт.

Өмүр-бакыт, эмгек-бакыт, сый-урмат,
Урпактарым багытыңдан жаңылба.

Табияттын бузулганы күнөөдөнбү?
Күнөөлөрүн сезбеген пендеденби?

Кырсыктын болгондору мезгилденби?
Күнөөбүздү кечирбеген теңирденби?

Замандын өзгөргөнү тынчыдыбы?
Биримдикти сактабаган калкыманбы?

Жашоо күрөш-билбеген адам барбы?
Эртең кандай тагдыр күтөт билген барбы?

Макул болгон ойлордон качкан барбы?
Алла баарын жазып койсо арга барбы?

Ажалды биз шум ажал деп жектейбиз,
Чындап келсе шум ажалга не дейбиз.

Ажалды эстеп ар бир күндү жашаймын,
Не кылдым-деп мен өмүрдү тактаймын.

Айрылуу бар жүрөктөрдү ооруткан,
Санаа салып, сары гүлдөй соолуткан.

Билбейм качан капилеттен күн батат,
Ошол ойлор мени жаман сыздатат.

Дүйнөгө түркүк болгон адам барбы?
Же байлыгын сактап калган адам барбы?

Эмгек, мээнет талаасынан качпагын,
Ак эмгектен өнүп-өсүп жашагын.

Бакыт нурун чачкан кезде көппөгүн,
Тагдыр, турмуш сыноосунда чөкпөгүн.

Тайгак кечүү, ашуулардан коркпогун,
Бак-таалайдан күдөрүңдү үзбөгүн.

## Таазим

Ката кетсе өзүмдү өзүм тилдеймин,
Не кылдым деп мен өзүмдү жектеймин.

Алга карай ийгиликке умтулам,
Болбой калса абийир менен утулам.

Ийгиликке жеткендерге кубанам,
Ыйман, мээрим жүрөгүмдө баарынан.

Оройлуктан жүрөк ооруп кыйналам,
Кандай элек не болдук деп кайгырам.

Үмүт, максат алга карай чакырат,
Өмүр өтүп, аккан суудай шаштырат.

Чыкылдаган саат жебеси шашылат,
Өмүр барда жашоо кандай салтанат.

Конок келсе мээрим төгүп чачылам,
Ырымды укса бугум чыгып ачылам.

Өмүр шамы күйө берчи жаркырап,
Өмүр бизден кетпей турчу жатыркап.

Бийлик тийсе калайыкка таяныч бол, тирек бол,
Ыйык Ата-Мекениңдин ишенимдүү уулу бол!

Бийлик тийсе биримдикти, бейпилдикти сактагын,
Алакчылап, бөлүп-жарып, адилеттен качпагын.

Бийлик милдет-кызмат кылыш эл үчүн,
Иштеш керек ыйык Ата-Журт үчүн.

Кызмат кылсаң эл үчүн, келечегиң кең болот,
Өйдө-төмөн мезгилде элиң сага бел болот.

Биримдикте болгон жакшы эл менен,
Ырыскыны тапкан жакшы маңдай тер менен.

Жашаш үчүн көп нерсени кечирдим,
Кечирдим да, көп нерсеге жетиштим.

Ийгиликтер болгон кезде кубанам,
Ишенчээк бир жаш балага айланам.

Мен сүйүктүү эне болдум, сүйүнөм,
Оо жараткан! Колдогун деп жүгүнөм.

Оо адамдар! Өмүр шамың өчпөсүн,
Үйүңөрдөн бакыт кушу кетпесин!

Ар бир үйдө бешик ыры ырдалсын,
Наристелер көбөйүшүп, жыргасын.

Ата-энелер кубанычка бөлөнсүн,
Кыргызымдын урпактары көбөйсүн.

Ата-эненин орундалсын тилеги,
Ата-Журттун көбөйсө экен тиреги.

## Таазим

Тек өткөрүп өмүрдү өкүнбөгүн,
Өз элиңдин көз жашын төктүрбөгүн.

Өмүр дайра, толкуну бар билесиң,
Эмгек кылсаң муратыңа жетесиң.

Өмүр барда бак-таалайың ачылсын,
Ак сүйүүдөн сагынычтар жазылсын.

Махабаттан өмүр гүлдөп жашарсын,
Туяк калып, өмүр кайра улансын.

Өмүр барда бир-бириңди сактагын,
Ата-эненин үмүттөрүн актагын.

Адилетсиз адамдар зор болбосун,
Карапайым адамдар зар болбосун.

Күнөөсүздү күнөөлөп камабагын,
Айыпкерди жан тартып актабагын.

Кемчилигиңди билсең оңдоо кеч эмес,
Өмүр өтөт, калат экен көп элес.

Сареп салып, алды-артымды карасам,
Турмушумда ашкансыймын көп белес.

Кереметтүү, эң бир кооз бул аалам,
Бул ааламда урпактарым бол аман!

Сүйбөсөң сен Ата-Журтка күйө албайсың,
Мекениңди аздектеп күтө албайсың.

Сүйбөсөң сен ыйык эне боло албайсың,
Ымыркайың бөпөлөп бага албайсың.

Сүйбөсөң сен сүйүү ырын жаза албайсың,
Жүрөк толуп, от болуп жана албайсың.

Билбөсөң окумуштуу боло албайсың,
Оюңду элге толук бере албайсың.

Билбесең көк деңизде сүзө албайсың,
Көзгө сүрдүү толкунунан өтө албайсың.

Билбесең жакшы бийлик боло албайсың,
Эл тагдырын, көйгөйүн чече албайсың.

Билбесең эл алдына чыга албайсың,
Манас ата эпосун айта албайсың.

Билбесең максатыңа жете албайсың,
Кол жеткис жылдыздардай боло албайсың.

Эмгексиз эл эсинде кала албайсың,
Талантсыз жазуучу, акын боло албайсың.

Максатсыз бийиктикке жете албайсың,
Тартипсиз биримдикке жете албайсың.

Сабалатып ыр берметин жаза алсам,
Анда менде, болбос эле эч арман.

Балам-күнүм, мээрим төгүп сүйөрүм,
Балам-айым, жарык нурун чачаарым.

Балам-менин көзүм өтсө туягым,
Аман болгун айланайын чырагым.

* * *

Мен киммин?-деп мен өзүмдөн сураймын,
Адамдык сапат болсо-адаммын да,
Болбосо айбанаттан жаманмын да.

Пейили кең, мээримдүү эне жакшы.
Өмүрүң өрнөк болсо андан жакшы.

Көңүлүн таап, дос-тууганды күткөн жакшы,
Улууга урмат кылып жүргөн жакшы.

Чындыкты айтса көңүл коюп уккан жакшы,
Кыйын кезде, бирге болуп жеңген жакшы.

Жакындардын жүрөгүн оорутпагын,
Гүлдөн назик көңүлүн соолутпагын.

Заарың чачып сезимин  сындырбагын,
Жайдын күнү муз болуп тоңдурбагын.

Мынча неге таш боор болот адам,
Кыянаттык кылганга наалат айтам.

Билбейм неге байлыкка тойбойт адам,
Болгон сайын каниет кылбайт алар.

Неге мынча пейили тар болот адам,
Алган сайын алайын деп турат алар.

Таш боор, кекчил, ыймансыз болбо адам,
Ыйманыңды тазартып оңдо адам.

Оо жубайлар! Түгөй болгун айрылгыс,
Бактылуу бол! Өмүр сүргүн, кайгысыз.

Бул ааламда-эне жалгыз, журт жалгыз,
Бул экөөнү-сыйлабаган ыймансыз!

* * *

Жүрөгүмдү оорутуп канаттың ай,
Сен байкабай дилимди сыздаттың ай.
Кайда кеткен жароокер мүнөзүң ай,
Жүрөк ооруп, кыйналып жүрөмүн ай.

Акындар жүрөгү кең, оюу терең,
Илхамы келген кезде сөзү белен.
Ар мезгилдин жарчысы, сынчысы да,
Чындыкты таамай айтып жазып келген.

Ырларын окуганда сыры терең,
Эмгектин майданында жүрөт кенен.
Махабат, эмгек, эрдик саптарында,
Каухардай ыр түрмөгүн жазат экен.

Акындык Алла берген талант экен,
Талантты эмгек кылсаң чыгат экен.
Толкуса, толкундардан кайкып өтүп,
Кол жеткис жылдыздардай жанат экен.
Ар мезгилдин жарчысы да, сынчысы да,
Кеменгер, насаатчысы акын экен.

* * *

Бул ааламда ар кыл өлкө бар экен,
Ар кыл адам, түркүн тагдыр бар экен.
Чексиз аалам эрте, кечпи баары бир,
Капилеттен өмүрлөргө тар экен.

* * *

Тынчтык болсун ар бир аткан таңында,
Бакыт болсун ар бир көргөн күнүңдө.
Чындык болсун ар бир айткан сөзүңдө,
Мекенчилдик болсун соккон жүрөктө.

* * *

Мен кетермин ааламдан,
Аалам калар.
Мээрим төгүп караган,
Күнүм калар.
Өмүргө сен бөлүп жүргөн,
Суум калар.
Боор этимден жаралган,
Туяк калар.

## КАЙДАСЫҢ

Айткан сөзүм эп болгон,
Паашалык кезим кайдасың?
Апакеме эркелеп,
Жүргөн кезим кайдасың?
Баары жакшы көрүнгөн,
Балалык кез кайдасың?

* * *

Жоогазындай ачылган,
Гүлдөй кезим кайдасың
Толукшуган айга окшоп,
Толгон кезим кайдасың?
Махабатка кабылып,
Сүйгөн кезим кайдасың?

Тал чыбыктай ийилген,
Келин кезим кайдасың?
Ой-да ишке тойбогон,
Жаштык кезим кайдасың?
Эч нерседен коркпогон,
Өткүр кезим кайдасың?

Наристелүү болом деп,
Күткөн кезим кайдасың?
Алла буйруп көз жарып,
Наристеми колума,
Алган кезим кайдасың?

Арча бешик терметип,
Баккан кезим кайдасың?

Бирге окуп, бир жүрүп,
Жарты нанды бөлүшкөн,
Классташтар кайдасың?
Жүрөк сырын айтышкан,
Курбуларым кайдасың?

* * *

Ойлосом, өмүр таттуу,
Тагдырлар машакаттуу.
Өмүрдө өксүбөйлү,
Жашообуз болсун шаттуу.

Бүтүндү бүлүнтпөйлү,
Жүрөктү оорутпайлы.
Көңүлдү калтырбайлы,
Ак иштеп, саз жашайлы.

Биреөнү өксүтпөйлү,
Бузукту түзөтөлү.
Ансыз да өмүр кыска,
Мекенди гүлдөтөлү.

Мансабың сактап калбайт,
Байлыгың алып калбайт.
Кеменгер журтун даңктайт,
Эр жүрөк элин сактайт.

# ӨМҮРДҮН КЕРЕГИ БАР

Өмүрдүн кереги бар,
Ата-эне үмүттөрүн
Акташ үчүн.
Ата-Журтка кызмат кылып,
Даңкташ үчүн.

Өмүрдүн кереги бар,
Мезгилдин агымында
Жаңылбай иштеш үчүн.
Гүлдөтүп Ата-Журтту,
Өрнөктүү өмүр сүрүш үчүн.

Өмүрдүн кереги бар,
Сүйгөндү сүйүш үчүн.
Сүйгөнүң сүйүп турса,
От болуп жаныш үчүн.
Наристе жытын искеп,
Балалуу болуш үчүн.

Өмүрдүн кереги бар,
Ажайып бул ааламды
Кастарлап күтүш үчүн.
Маңыздуу өмүр сүрүп,
Өлбөстүккө түбөлүк,
Үрөн сээп кетиш үчүн.

# ОЙЛОНГОН КЕЛЕЧЕКТИ КӨРҮП ТУРАТ

Ойлонгон – келечекти көрүп турат,
Ойлонгон – Ата-Журт деп кызмат кылат.
Ойлонгон – чындыкты айтат, күйүп айтат,
Ойлонгон – азар салбайт, элин сактайт.

Ойлонгон – кыйын кезде жөлөк болот,
Ойлонгон – өз элине калыс болот.
Кас душмандар катылса Мекенине,
Өткүр бычак мизиндей кылыч болот.

Ойлорум – аткаруучу максаттарым,
Ойлорум – үзүлбөгөн үмүттөрүм.
Ойлорум – алга деген ураандарым,
Ойлорум – көөнөрбөгөн мурастарым.

* * *

Ойлорум – жаңылбасын,
Ойлорум – карыбасын.
Ойлорум – токтобосун,
Ойлорум – чарчабасын.

Ойлорум – мени терметет,
Ойлорум – айга жеткирет.

Ойлорум – мени кубантып,
Ойлорум – мени сергитет.

Ойлонгон Ата-Журт күтөт,
Ойлонсоң – жакшы иш бүтөт.
Ойлонгун адам ойлонгун,
Жаңылсаң кетпес дак түшөт.

# ЭЖЕ-СИҢДИ, КУРБУЛАРГА АРНАЙМЫН

Оо эжелер, оо курбулар, сиңдилер!
Көкөлөтүп көңүлүмдү көтөрдүңөр.
Карегиме-карегим кадалганда,
Жүрөгүмө жылуулук өткөрдүңөр.

Көзүңөрдөн дааналыкты көрөмүн,
Мамилеңдин тууралыгын билемин.
Урматыңдан жылуулукту сеземин,
Мына ошондон кубат алат жүрөгүм.

Оо эжелер, оо курбулар, сиңдилер!
Бул жашоодо баштан нелер өтпөдү?
Максат коюп көп нерсени дегдедик,
Кээде турмуш өйдө-төмөн калчаса,
Төгүлбөдүк, толкуганда чөкпөдүк.

Оо эжелер, оо курбулар, сиңдилер,
Турмуш, мезгил сыноосунда такшалдык.
Сүйүктүү жар, эне болдук, кут болдук,
Бирде толдук, бирде кайра бөксөрдүк.

Бала-бакыт, бала кубат билебиз,
Жараткандан амандыгын тилейбиз.
Аман болуп,эже,сиңди курбулар,
Биз өрнөктүү өмүр сүрүп жүрөбүз.

Өмүр өтөт көзгө эч бир илешпей,
Карылык кез жүгөн салды билгизбей.
Өмүр деген эң бир назик нерсе экен,
Аман-эсен жашайлычы кемибөй!

* * *

Урпактарым жашасын!
Кандуу согуш болбосун.
Алла берген өмүрдө,
Ата-Журтун коргосун!
Бак-таалайга бөлөнүп,
Бейпилдикте жашасын!

Урпактарым жашасын!
Кайгы-капа көрбөсүн.
Кереметтүү ааламда,
Тамыр алып көктөсүн.
Оору-сыркоо болбосун,
Өмүр оту өчпөсүн!

Урпактарым жашасын!
Эмгек кылып эл үчүн,
Өксүбөсүн өмүрүң,
Оорубасын жүрөгүң,
Мен ошону жараткандан тилеймин!

# ШЕЙИТ КЕТКЕН ЖООКЕРДИН ҮНҮ

Айланайын апакө,
Мени жоктоп ыйлаба.
Жүрөгүңдү сыздатып,
Санаа тартып ооруба.

Айланайын апакө,
Көз жаш төгүп ыйлаба.
Өзүңдү ая, кыйнаба,
Башкаларды каарыба.

Эл ичинөн мени издеп,
Таба албасаң муңайба.
Өзөгүңдү куйкалап,
Жүрөк дартка кабылба.

Айланайын апаке,
Мээрим төгүп караган.
Көздөрүңдө жашаймын,
Өз каныңдан жаралгам.

Киндик каным тамган жердин,
Турпагында жашаймын.
Адилеттик издеген,
Эл ичинде жашаймын.
Сабыр кылгын апаке,
Ойлоруңда жашаймын.

# ТАГДЫР

Тагдыр неге кур дооматты бересиң,
Кээде кырсык айттырбастан келесиң.
Тагдыр неге шум ажалды жөнөтүп,
Мынча неге таш боор болоор экенсиң.

Кээ бирөөгө күндүн нурун төгөсүң,
Бакты аябай, байлыкты да бересиң.
Кээ бирөөгө жалаң мээнет бастырып,
Тагдыр айтчы, неге калыс эмессиң.

Тагдыр кээде ата-энеден жат кылат,
Бир тууганды бир-бирине кас кылат.
Тагдыр кээде акты кара дегизип,
Таш боор болуп бычак мизин сайдырат.

Алла бизге не жазганын билбейбиз,
Эртең кандай тагдыр күтөт сезбейбиз.
Табийгаттын сыры татаал ушундай,
Теңир бизге буйруганын көрөбүз.

# ЭСКЕРҮҮЛӨР



# АЛЫКУЛГА

Алла Таалам талантты берген экен,
Ата-Журт деп жүрөгү соккон экен.
Сен ооруба, мен ооруйун Ата-Журт-деп,
Өзүнө дартты сурап алган экен.

Алп акын ырдын кенин казган экен,
Ыр дүйнөнүн эшигин кең ачкан экен.
Жолборс кебин кийип ага кирген экен,
Ырларынан кынап сепил курган экен.

Көлдү сүйүп, көл боюнда бойлогон,
Көргөн сайын керкөмүнө тойбогон.
Шарпылдаган толкун жээкке урунса,
Шыбырынан ыр берметин топтогон.

Борбор шаарга кетсе кайра дегдеген,
Куса болуп Ысык-Келүн эңсеген.
Жыл айланбай кайра келип көлүнө,
Мага кубат, мага канат бол деген.

Тагдырына капа болуп жүрсө да,
Айыкпас дарт кыйнап аны турса да.
Жүрөк талып, араң согуп жатса да,
Тагдырына ырахматын айткан ал.

## Таазим

Таза жүрүп, кастык ишти кылбаган,
Адал иштеп, арамдыкка барбаган.
Элге, журтка аппак болуп максаты,
Не бир сонун ырын элге арнаган.

Түмөн, түркүн ойду күлүк ат кылып,
Тооруп турган шум ажалды маш кылып.
Тайманбастан ажалга тик караптыр,
Көөнөрбөгөн ырын жазып мат кылып.

Ымыркайын көрүп жүрөк толкуган,
Көөдөнүнөн чыгып кетпей болкуган.
Жыпар жытын искеп ата сүйөрдө,
Капилеттен өмүр гүлү соолуган.

Төө көтөргүс ырлар жазган мактанбай,
Жүргөн тура тагдырына даттанбай.
Боз ат минип ашуу ашып кетиптир,
Күлө карап көлдү тиктеп жаткандай.

## ЖЕҢИЖОК АБАМ – АЛП АКЫН

Жеңижок абам-алп акын,
Теңдеши жок шер акын.
Тага журтун баалаган,
Аксы элине бел акын.

Аксылыктар балам деп,
Кыраан куштай таптаган.
Өнөрүн баалап өстүрүп,
Атагын алыс чыгарган.

Карагер күлүк мингизип,
Ак калпагын кийгизип.
Саргашка күлүк мингизип,
Саймалуу жака кийгизип.
Көксулууну жар кылып,
Боз үйдү жасап киргизип.

Көксулуу эжем, жубайын,
Өзгөчө урмат кылчы экен.
Турмуштун өйдө, төмөнүн,
Түшүнүп канат болчу экен.
Саркештеп сайма сайчы экен,
Санаасын айтып ырдаса,
Суйкайып ырын укчу экен.

Кармаган үйү гүл экен,
Айткан сөзү эп экен.

Ырдаганы барганда,
Дайыма бирге жүрчү экен.
Аккан сууну ырдаса,
Жадабай эли укчу экен.
Жети күн жатып ырдаса,
Жерибей эли укчу экен.
Дүнүйөнү ырдаса,
Күлүктү тандап мингизип,
Алдына тартуу кылчу экен.
Кара жээк калпак кийгизип,
Кадырлап, сыйлап турчу экен.

Кожо-Ата, Тоскоол, Аркыттын,
Көркөмүн айтып ырдаптыр.
Балам жок деген ырында,
Арманын айтып сыздаптыр.
Жер соорусу Аксынын,
Карагай, арча көп өскөн,
Көркөмүн айтып ырдаптыр.
Аркар-кулжа жайлаган,
Булбул, куштар сайраган,
Тоолорун айтып ырдаптыр.

Бетегеси буралган,
Түркүн гүлдөр жайнаган,
Ырыс-кешик төгүлгөн,
Кашка сууну ырдаптыр.
Ак калпак кыргыз элине,
Санатты айтып ырдаптыр.
Көөнөрбөс, алтын ырларын,
Алп акын элге арнаптыр.

# МАМЛЕКЕТТИК ИШМЕР, МАРКУМ ЖАЛАЛ АСАНОВго

Өмүр жолун эмгек менен баштаган,
Таалай үчүн эмгек кылган, талбаган.
Тарбиялап, жаш кадрды өстүрүп,
Жол көрсөтүп, кыраан куштай таптаган.

Жетекчилик кызматтарды аркалап,
Далай ашуу, белестерди аштыңыз.
Айыл чарба, мал чарбасын өстүрүп,
Эмгекчилдин бак-таалайын ачтыңыз.

Милдеттенме, тапшырманы аткарып,
Далай ирет жеңиш туусун алдыңыз.
Ошол кезде өнүп-өсүп чарбаңыз,
Ийгиликке эмгек кылып жеттиңиз.

Чарба жайын беш колундай билчи эле,
Айкөл мүнөз, колу таза мырза эле.
Сүйүктүү жар, мээрим төккөн ата эле,
Сыйлаганды кадырлаган жан эле.

Жарыңыздын дилинде сиз турасыз,
Караганда көз алдына келесиз.
Дос-тууганды жүрөгүндө жашайсыз,
Түбөлүккө эл ичинде калгансыз.

# СЫЙКЫР ЭЛЕ КОЛДОРУ

*(Эмгек Баатыры Сүйөркулов Шамши акенин элесине)*

Тандап алып дарыгерлик кесипти,
Күнү-түнү кылдыңыз го мээнетти.
Ажал менен алп урушуп күрөшсө,
Сыйкыр колдон ажал качкан сүрдөшүп.

Сыйкыр элө, жеңил эле колуңуз,
Карык күндү тартуулаган өзүңүз.
Өмүр шамын өчүрбөстөн күйгүзүп,
Сыркоолорго кеңөш берип жүрчүсүз.

Татаал иштен ийгиликтер жаралган,
Сизге далай алкоо сөздөр жазылган.
Урмат-сыйдын өргөөсүнө киргенде,
Назик жүрөк сокпой калды капыстан.

Тандап алып дарыгерлик кесипти,
Өмүр шамын өчүрбөстөн жактыңыз.
Ак эмгектен төшкө орден тагынып,
Эл эсинде түбөлүккө калдыңыз.

# КЫРГЫЗ ЭЛ БААТЫРЫ ДООРОНБЕК САДЫРБАЕВге

Алла берген талант сизде бар эле,
Көздөрүңүз мээрим төгүп турчу эле.
Тайманбастан чындыкты түз айтчу эле,
Карапайым элдин үнүн укчу эле.

Оюу удургуп оттой күйүп, жанчу эле,
Махабатты дастан кылып жазчу эле.
Сессияда калыс сөзүн айтам деп,
Бийлик жактан абдан азап тартчу эле.

Адилеттик, чындык үчүн күрөшкөн,
Эли менен заман жүгүн көтөргөн.
Көөнөрбөгөн тасмаларды жаратып,
Мээнет менен ийгиликке жетишкен.

Элибизге эмгек кылып күнү-түн,
Тоскоолдуктар болгон кезде чөкпөгөн.
Дили таза, колу таза агадан,
Мурас болуп ырлар калды өчпөгөн.

## РЫСПАЙГА

Рыспай агай ырчылардын асылы,
Ар бир үйгө жетет ырдын ыргагы.
Кайып бөлуп келбес жайга кетсө да,
Түбөлүккө түнөк тапкан ырлары.

Кубулжуган үндөн жүрөк эргиген,
Бүткөн бойлор таңкы абадай сергиген.
Мукам үнү жүрөктөргө чок салып,
Кездешүүнү далай кыздар дегдеген.

Кездешүүнү далай кыздар самаган,
Жүрөгүндө айтчу сөзду талдаган.
Жолукканда сөз таба албай аптыгып,
Тик карабай жерди карап уялган.

Сыбызгыган симфония кең ааламда жаңырат,
Кубулжуган ырдан дилдер тазарат.
Авазыңыз бүт ааламды багынтып,
Уюткулуу урпактарың ырыңызды улантат.

Ал эч качан жылдызмын деп айтпаган,
Ырларында аруулукту сактаган.
Таланттууну такшалдырып өстүрүп,
Кыраан куштай зирек кылып таптаган.

# АГАМ АКМАТТЫН ЭЛЕСИНЕ

Жаратканым жакшы аганы,
Мага ыраа көрүптүр,
Агам мага бир башкача,
Камкор болуп жүрүптүр.

Суук шамал, бороондордон далдалап,
Канат жайып, канатына калкалап.
Окуйм десем, окуп билим алгын деп,
Агам мага туура багыт бериптир.

Агам баарын айттырбастан түшүнчү,
Көңүл чөксө көңүлүмдү көтөрчү.
Мээрим чачып, күн нурундай төгүлчү,
Агам мага бир башкача көрүнчү.

Сиз эмгектин ардагери болгонсуз,
Дос-туугандын кадырына жеткенсиз.
Уул-кыздын урмат-сыйын көрөрдө,
Күтүүсүздөн дүйнө салып кеткенсиз.

# Мазмуну

*Кыргызстан ыйык Ата Мекеним*........................ 5
*Ала—Тоо*................................................ 7
*Ысык—Көл*............................................... 8
*Датка эне*.............................................. 10
*Журт башчы болсоң*...................................... 14
*Кандай сонун гүлдөйт эле Ата Журт*..................... 17
*Эне тилеги*............................................. 18
*Кыялдануу*.............................................. 19
*Сага арнадым*........................................... 20
*Дүйнөнүн түбөлүктүү ээси барбы?*....................... 21
*Намыстуу бол, калыс бол*............................... 22
*Ыймандуу ким?* ........................................ 26
*Элбековго*.............................................. 27
*Кеч жолуккан ак сүйүүм*................................ 28
*Оо Теңирим! күч—кубат бер өзүмө*....................... 30
*Таазим* ................................................ 32
*Балам — бактым*......................................... 35
*Мен сизди күндө күтөм келесизби?*...................... 37
*Карегимде түбөлүк элес калат*.......................... 39
*Сыйлашып бир бололу*.................................... 40
*Акылы тунук эл болсун*.................................. 42
*Сүйбөдүң неге сүйбөдүң*................................. 44
*Суулар*................................................. 45
*Оо эжелер, оо сиңдилер, курбулар*....................... 46
*Чындык*................................................. 47
*Айымдарга каалоо*....................................... 48
*Ден соолугуң өз колуңда*................................ 50
*Жараткан Алла сактагын*................................. 51

## Таазим


*Билбедиң* ........................................ 53
*Дүйнөдө түркүн адам бар*........................ 55
*Кош саптар* ..................................... 58
*Кайдасың*........................................ 69
*Өмүрдүн кереги бар*.............................. 71
*Ойлонгон келечекти көрүп турат*................. 72
*Эже—сиңди курбуларга арнаймын*.................. 74
*Шейит кеткен жоокердин үнү*...................... 76
*Тагдыр* .......................................... 78
*ЭСКЕРҮҮЛӨР*...................................... 79
*Алыкулга*........................................ 80
*Жеңижок абам алп акын* .......................... 82
*Мамлекеттик ишмер Жалал Асановго*............... 85
*Сыйкыр эле колдору*.............................. 86
*Кыргыз Эл Баатыры Дооронбек Садырбаевге*... 87
*Рыспайга*......................................... 88
*Агам Акматтын элесине*............................ 89
*Мазмуну* ......................................... 90

*Рысбубу ӨМҮРБАЕВА*

# ТААЗИМ

Редактору: Б. РАЙИМБЕКОВА.

Техникалык редактору: И. ИСАКОВ.

Корректору: АБДЫКАЙЫМ кызы КУМАРКАН

Компьютерде калыпка салган: Г. КАРАБАШОВА.

70c